**№87 орто мектебинин көчүрүү сынактарынын жана жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү боюнча ата-энелердин чогулушунун протоколу**

**06.05.19**

**Күн тартибинде:**

1. 2018-2019-окуу жылында көчүрүү сынактарын жана жыйынтыктоо мамлекеттик аттестациянын жобосу, сынактардын жүрүтмөсү менен тааныштыруу
2. Бүтүрүүчүлөрдүн " акыркы конгуроо" салтанатуу аземи билим жөнүндөгү документтерин тааныштыруу иш-чараларында окуучулардын коопсуздугун алдын алуу жана иш-чараны ата-энелер укук коргоо органдары менен биргеликте өткөрүү.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги маселелер боюнча мектептин директору Исанова Ж.М төмөнкүлөргө токтолду::

2018-2019-окуу жылында көчүрүү бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоо мамлекеттик аттестациянын жоболору боюнча буга чейин ар бир класс жетекчи тааныштырга. Мен даны бир ирет тактап өтөюн:

Көчүрүү сынактары 5-6-7-8жана 10-класстарда 27-31-майга чейинки мөөнөттө жүргүзүлсүн. 5-8, 10-класстапдын окуучулары 2 милдеттүү түрдө класстан класска төмонкү көчүрүү сынактары (жазуу жүзүндө 1, оозеки 1) белгиленди.

Орус тилинен 5-8-10-класс үчүн (грамматикалык тапшырмалары менен)

5-класстар тарых (оозекки)

6-класстар биология (оозеки)

7-класстар география (оозеки)

8-класстар англис тили (оозеки)

10-класстар физика (оозеки)

2019-жылдын 15-24 майына чейин сабактан сырткары убакта 9-11-класстардан дене тарбия сабагынан норматив алынат.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацисы 9-класс үчүн 3-18-июнга чейин 5 сабак, анын ичинде 4 милдеттүү 1 тандоо боюнча өткөрүлсүн.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы 11-класс үчүн 3-20-июнга чейин 5 сабак ( анын ичинде 4 милдетүү 1 тандоо) боюнча өткөрүлсүн

3-июнь кыргы тили жана адабияты ( эссе) өткөрүү убакта 5 саат
6-июнь алгебра жана тандоонун башталышы өткөрүү убакты 5 саат
10-июнь орус тилинен (комплекстүү жазуу тести) 2,5 саат
17-июнь Кыргызстандын тарыхы (оозеки)
13-июнь химия тандоо (оозеки)

Сынактардын жүгүртмөсү, консултациянын графиги менен окуучулар таанышышкан. Экзамен күнү балдарыныздар 7:00 гө келишсин. Кечиктирбигенге аракет кылыныздар. Көчүрүү экзамендеринен бошотулган окуучулар жобо боюнча класс жеткечилер тарабынан такталган.эгер баланыздын ден-соолугу начар болсо, врачтардын чыгарган жыйынтыгын, алып келип тапшырындар. 9-класстын бүтүрүп, окууга тапшырып, иштеп кетүүчү окуучуларбоюнча жоктоо иштери жүргүзүлүп жатат. Азыркы учурда 9-класста 153 окуучу бүтүп жатат. Буга чейинки маалыматтар боюнча 9-класстардын ичинен кийнки окуу жылында 2-класс комплект калыш ккрек. Урматтуу ата-энелер азыртан баштап балдарыныздардын тапшыра турган окуу жайларын аныктап баштаныздар.ашпозчу, плотник, слесарь, сварщик сыяктуу пайдалуу кесиптерди танданыздар. Күбөлүк менен катар бир кесиптин ээси болуп чыга келет.

Акыркы конгуроо 25-майда саат 9:00 өтөт. 11-класстын ата-энелери ар бириниздер келип, балдарыныздардын салтанаттуу иш-чарасынв күбө болуп кетиниздер. 25-май күнү салтанатуу иш чарадан кийин өзүнүздөр балдардын коопсуздугуна жопкерчиликтүү болосуздар.

**Чогулуш төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

1. 9-11-класстын ата-энелери экзамен маалында жана күбөлүк аттестаттарды тапшыруу учурунда балдардын ден соолугу, тартибине кзмл кылышсын. Кафе,ресторан же ар кандай эс алуучу жайларда эс алууга тыю салышсын.
2. Мугалимдерге, класс жетекчилерге белек берүү үчүн же окуучуларга 25-май жана бүтүрүү кечесин уюштуруу үчүн акча каражатын чогултууга тыюу салынсын.
3. Бүтүрүүчү класстардын окуучуларынын мектепти аяктап кеткенге чейинки тартиби ата-энелер жана класс жетекчилерине милдеттендирилсин

Мектеп директору Исанова Ж.М

Катчы: Кыдыбаева К.А